германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Даярдоочу:

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH



# Токой көчөтканаларында дарак жана бадал түрлөрүн өстүрүү боюнча

## Колдонмо

Жаңгак-мөмөлүү аймактагы токой чарбалардын токой көчөтканаларында жаңгак-мөмөлүү токойлордун биоартүрдүүлүгүн сактоо, токой ресурстарын туруктуу пайдалануу жана калыбына келүү процесстерин илгерилетүү максатында атайын бөлүмчөлөрдү (“биоартүрдүүлүк бөлүмчөсү”) түзүү сунушталат. Ал жерде мүмкүн болушунча жаңгак-мөмөлүү токойлордун ар түрдүү типтеринде өскөн дарак жана бадал түрлөрүн өстүрүү боюнча бүт жумуштар жүргүзүлүшү керек. Уруктарды токойдо сакталып калган дарактардан даярдоого болот. Урукту өз убагында даярдап, сактап, себүүнү атайын бөлүмчөлөрдө уюштуруу керек. Көчөттөрдү бир-эки жыл өстүргөндөн кийин жаңгак-мөмөлүү токойлордун алкагындагы токой өстүрүү шартына туура келген аянттарга көчүрүп отургузуу зарыл.

Бул колдонмо Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы боюнча ишке ашырылып жаткан Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) (Германия эл аралык кызматташтык коому) “Кыргызстандын түштүгүндө жаңгак-мөмө токойлорун жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биоартүрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу” долбоорунун алкагында жарыяланды. Колдонмо GIZ тапшырмасы менен долбоорду ишке ашырууга жооптуу UNIQUE forestry and land use GmbH компаниясынын буйрутмасы боюнча «Лесик-Юг» КЭБ тарабынан иштелип чыкты.

## Кыргыз алма же кара-алма

**Орусча аталышы:** Яблоня кыргызов
**Латынча аталышы:** *Malus kirghisorum*



***Белгилери:*** Бийиктиги 12-14 м чейин өскөн дарак, сырткы кабыгы кара-боз. Мөмөлөрүнүн узундугу жана диаметри – 3–8 см, жашыл же саргыч түстө. Мөмөлөрү июнь айынан баштап октябрга чейин бышат. Май айында гүлдөйт. Урук сентябрда жыйналат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак-мөмөлүү токойлорунун алкагында деңиз деңгээлинен 800-2000 м бийиктикте таркалган. Кунарлуу, салыштырмалуу нымдуу кара-күрөң топурактуу жерде өсөт.

***Токой өстүрүү алкагы:*** Көчөтканада өстүрүлгөн эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү деңиз деңгээлинен 1000-1800 метр бийиктиктеги нымдуу жерлерге отургузууга болот.

## Сиверс алмасы же кызыл алма

**Орусча атадышы:** Яблоня Сиверса
**Латынча аталышы:** *Malus Sieversii*

***Белгилери:*** Сырткы кабыгы жылмакай кара-күрөң, бир жылдык бутактары кыска, жоон, тикенектүү анча чоң эмес дарак. Мөмөлөрүнүн формасы боюнча ар түрдүү, салыштырмалуу майда, диаметри 2,5-3(4) см. Май жана июнь айларында гүлдөп, сентябрда бышат.

***Өскөн жери:*** Токой тилкелери менен ачык талаа кошулган алкактарда өсөт. Кыргыз алмасына караганда бир топ кургакчылыкка чыдамдуу келип, жантаймалардын түштүк тарабында көбүрөөк кездешет.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Жаңгак-мөмөлүү токойлордун алкагындагы аянтардын ар түрдүү жайгашкандыктарына жараша көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.



## *Недзведцкий кызыл алмасы*

**Орусча аталышы:** Яблоня Недзведцкого
**Латынча аталышы:** *Malus Niedzwetzkyana*

***Белгилери:*** Бийиктиги 10 м чейин (кээде төмөн) өскөн дарак. Бутактары тикенексиз кызгылт-күрөң, жалбырактары калың, сүйрү кызгылтым түстө. Мөмөлөрүнүн сырты кара-кочкул түстө, алманын ичи ачык-кызгылтым түстө. Май айында гүлдөп, сентябрда бышат.
Кыргыз кызыл алмасы баалуу мөмөлүү дарак болуп саналат жана багбандар, селекционерлер үчүн өтө чоң мааниге ээ. Ал Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген.

***Өскөн жери:*** Токой зонасында өсөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Аянттардын нымдуу жерлерине көчөтканада өстүрүлгөн эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 1-2 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 2 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 90 күн. 12х25 см өлчөмүндөгү пластик баштыкчаларга 5-6 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат.
Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



## *Коржинский алмуруту*

**Орусча аталышы:** Груша Коржинского
**Латынча аталышы:** *Pyrus korshinskyi*



***Белгилери:*** Бийиктиги 10-12 метрге жеткен дарак. Жаш бутактарынын тикенеги жок. Жалбырактарынын узундугу 5-10 см, сүйрү. Гулдөрүнүн түсү ак жана чоң. Мөмөлөрү көбүнчө тегерек формада, толук бышканда оозду кууштуруучу кычкыл даамы бар сары түстө болот. Май айында гүлдөп, сентябрда урук жыйналат.

***Өскөн жери:*** Деңиз деңгээлинен 1200-1700 м бийиктикте бадалдардын арасында жалгыз же топ-топ болуп өсүшөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 1-2 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 2 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 90 күн. 12x25 см өлчөмүндөгү пластик баштыкчаларга 5-6 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



## *Долоно түркүмүнө кирүүчү түрлөр*

### *Түркестан долоносу*
**Орусча аталышы:** Боярышник туркестанский
**Латынча аталышы:** *Crataegus turkestanica*



### *Айбансары*
**Орусча аталышы:** Боярышник понтийский
**Латынча аталышы:** *Crataegus pontica*

### *Алтай долоносу*
**Орусча аталышы:** Боярышник алтайский
**Латынча аталышы:** *Crataegus altaica*

### *Сонгор долоносу*
**Орусча аталышы:** Боярышник сонгорский
**Латынча аталышы:** *Crataegus songarica*

***Белгилери:*** Бийиктиги 6-10 м чейин өскөн дарак. Долононун түрлөрү бири-биринен шактарынын түзүлүшүнөн, жалбырактарынын ар түрдүүлүгү, гүлдөрү менен мөмөлөрүнөн айырмаланышат. Апрель айында гүлдөп, сентябрда урук жыйналат.

***Өскөн жери:*** Айбансары жана түркестан долоносу кургакчылыкка чыдамдуу, сонгор долоносу кыйла нымдуу жаңгак токойлорунун арасында өсөт, сай бойлорунда да кездешет.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой жана ачык талаа алкагындагы аянттарга көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 3-4 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 м$^2$ – 6-15 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө (стратификация) мөөнөтү 180 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн пластик баштыкчаларга 3-4 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



## *Алча*

**Орусча аталышы:** Алыча
**Латынча аталышы:** *Prunus sogdiana*



***Белгилери:*** Бийиктиги 4-6 м чейин өскөн бадал. Жаңгак токойлорунун арасында алчанын ушул түрү өсөт. Токойдо ачык-кызыл, кара-кочкул, ток-сары жана ачык-сары түстөгү мөмөлөп турган алчаларды кездештирүүгө болот. Апрель айында гүлдөйт. Сентябрда урук жыйналат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак-мөмөлүү токойлордун алкагында өсөт.


***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы жаңгак токойлорунун астына жана аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 3-4 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 м$^2$ – 20 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 120-150 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн пластик баштыкчаларга 3-4 даанадан урук таштап, 1 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат.
Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



## Ыргай түркүмүнө кирүүчү ыргайдын түрлөрү



### Топ гүлдүү ыргай
**Орусча аталышы:** Кизильник кистецветный
**Латынча аталышы:** *Cotoneaster racemiflora*

### Кара мөмөлүү ыргай
**Орусча аталышы:** Кизильник черноплодный
**Латынча аталышы:** *Cotoneaster melanocarpa*

### Көп гүлдүү ыргай
**Орусча аталышы:** Кизильник многоцветковый
**Латынча аталышы:** *Cotoneaster multiflora*

***Белгилери:*** Бийиктиги 2 м 3,5 м чейин өскөн бадалдар. Мөмөлөрү 2-3 данектүү, кичинекей тоголок, негизинен токойдо анча көп эмес топ болуп өсүшүп, токойдун үчүнчү ярусун түзүшөт. Май айында гүлдөйт. Уруктары сентябрда жыйналат.

***Өскөн жери:*** Деңиз деңгээлинен 1000-1800 м. бийиктиктеги бадалдардын арасында өсүшөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 3-4 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 3-5 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө (стратификация –өсүмдүктөрдүн уруктарынын өнүп чыгуусу үчүн белгилүү температурада узак мөөнөттө кармоо) мөөнөтү 90 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн пластик баштыкчаларга 4-5 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.

## Итмурун түркүмүнө кирүүчү итмурундун түрлөрү

Жаңгак токойлорунда итмурундун төмөнкү түрлөрүн кездештирүүгө болот:



### Кадимки итмурун

**Орусча аталышы:** Шиповник обыкновенный
**Латынча аталышы:** *Rosa canina*

### Сасык итмурун

**Орусча аталышы:** Шиповник вонючий
**Латынча аталышы:** *Rosa foetida*

### Түркестан итмуруну

**Орусча аталышы:** Шиповник туркестанский
**Латынча аталышы:** *Rosa turkestanica*

### Кокон итмуруну

**Орусча аталышы:** Шиповник кокандский
**Латынча аталышы:** *Rosa kokanica*

### Коржинский итмуруну

**Орусча аталышы:** Шиповник Коржинского
**Латынча аталышы:** *Rosa Korshinskyana*

### Борпоң итмурун

**Орусча аталышы:** Шиповник рыхлый
**Латынча аталышы:** *Rosa laxa*

***Белгилери:*** Анча чоң эмес бадал. Мөмөлөрү кызыл, кочкул-кызыл түстө, уруктары майда, толук бышканда абдан катуу болот. Май айында гүлдөйт. Уруктары сентябрда жыйналат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак токойлорунун арасында жана тоо этектериндеги ачык жерлерде калың болуп өсүшөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 1-2 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 3 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 90 күн.




Биринчи жылы эле уруктардын жакшы өнүп чыгуусу үчүн, уруктарды мөмөлөрү толук быша элек мезгилде, башкача айтканда август айында жыйноо сунушталат. Мындай уруктарды сентябрь айында кургатпастан эле себүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.

***Эскертүү:*** Калемчелер аркылуу да жакшы көбөйтүлөт. Узундугу 15-20 см. болгон 1-2 жылдык бутактар пайдаланылат.

## Изирик түркүмүнө кирүүчү изириктин түрлөрү



### Кара мөмөлүү изирик
**Орусча аталышы:** Барбарис черноплодный
**Латынча аталышы:** *Berberis heteropoda*

### Сүйрү изирик
**Орусча аталышы:** Барбарис продолговатый
**Латынча аталышы:** *Berberis oblonga*

***Белгилери:*** Бийиктиги 2-4 м чейин өскөн көп сөңгөктүү тикенектүү бадал. Гүлдөрү сары түстө. Мөмөлөрүнүн формасы сүйрү, түсү кызыл жана кызгылт-көк. Уругу катуу, майда. Октябрь айында бышат.
*Өскөн жери:* Токойлордун арасында жана ачык аянттарда калың болуп өсүшөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 1-2 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 3-5 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 60- 90 күн.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат.
Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.

***Эскертүү:*** Изирикти калемчелөө аркылуу да көбөйтсө болот.



## *Катын жаңгак*

**Орусча аталышы:** Афлатуния вязолистная
**Латынча аталышы:** *Aflatunia ulmifolia*

***Белгилери:*** Бийиктиги 2-3 м жеткен тикенектүү эмес бадал. Гүлдөрү жалгыздан, кызгылт же кара-кочкул түстө. Мөмөлөрү сөөктүү, октябрдын аягында бышат. Май айында гүлдөйт. Уруктары сентябрда жыйналат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак-мөмөлүү токойлордо гана кездешет. Көбүнчө ачык аянттарда өсөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 4-5 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 16 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 90 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн пластик баштыкчаларга 3-4 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңы.



## *Тянь-Шань марты*

**Орусча аталышы:** Экзохорда тянь-шаньская
**Латынча аталышы:** *Exohorda tianschanica*



***Белгилери:*** Кооз бадалдын эндемикалык түрү. Мөмөлөрү кичинекей сөөктүү, сентябрь жана октябрь айларында бышат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак-мөмөлүү токойлордо таркалган. Көбүнчө калың топ болуп ачык аянттарда, кээде токой арасында да өсүшөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын күңгөй тарабына көчөтканадагы эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 2-3 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 4-5 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 60 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн пластик баштыкчаларга 4-5 даанадан урук таштап, бир жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү асыроонун агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



## *Мейер карагаты*



**Орусча аталышы:** Смородина Мейера
**Латынча аталышы:** *Ribes meyeri*

***Белгилери:*** Бийиктиги 2,5 метрге чейинки бадал, кээде төшөлүп өсөт. Топ гүлдөрү чачы сыяктуу, 4-12 гүлдүү. Жемиштери кара, кара-кочкул, жылмакай, кычкыл-таттуу даамы бар, жегенге жарамдуу.

***Өскөн жери:*** Деңиз деңгээлинен 1800-2100 м. бийиктиктеги жаңгак токойлорунда, карагай токойлорунда жана калың өскөн бадалдардын арасында кеңири таркалган.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянтардын нымдуу жерлерине көчөтканада өстүрүлгөн эки жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.

***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 2-3 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 м$^2$ – 3-4 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 60 күн.

***Көчөт өстүрүүнүн агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.

***Эскертүү:*** Калемче аркылуу да көбөйтүлөт. Узундугу 15-20 см болгон эки жылдык бутактар пайдаланылат. Калемчелөө мөөнөтү март-апрель айлары .



## Моюл



**Орусча аталышы:** Крушина слабительная
**Латынча аталышы:** *Rhamnus cathartica*

***Белгилери:*** Бийиктиги 3-6 м. чейин өскөн бадал. Гүлдөрү майда, жашыл-сары болуп, бир боого чогултулган. Мөмөлөрү тоголок, көгүш-кара, оозду куруштуруучу даамы бар. Май айында гүлдөйт. Уруктары сентябрда жыйналат.

***Өскөн жери:*** Жаңгак, ак чечек,долоно токойлорунда жана бадалдардын арасында кездешет. Деңиз деңгээлинен 1000-1600 м. бийиктикте өсөт.

***Токойлоштуруу алкагы:*** Токой алкагындагы аянттардын нымдуу жерлерине көчөтканада өстүрүлгөн эки жылдык же тамыры жабык системадагы бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот.


***Көчөт өстүрүү:*** Урук жөөк менен 2-3 см тереңдикте себилет. Себүү нормасы 1 $м^2$ – 4 гр. Жазгы себүү үчүн жиктөө мөөнөтү 90 күн. Тамыры жабык системада өстүрүү үчүн 12х25 см өлчөмүндөгү пластик баштыкчаларга 4-5 даанадан урук таштап, 1-2 жылга чейин өстүрүүгө болот.

***Көчөт өстүрүүнүн агротехникасы:*** Жер кыртышы 3-4 ирет жумшартылып, көчөттөр 4-5 жолу сугарылат. Жер семирткич берүү – тиркемени караңыз.



***Уруктарды жиктөө (стратификациялоо):***

Уруктарды жиктөө үчүн 1 кг урукка 3 кг таза кум колдонулат. Уруктар кум менен аралаштырылып, орточо нымдуулукка чейин нымдалат. Уруктар көөп чыкканга чейин ушундай абалда кармалат. Уруктар көпкөндөн кийин аралашманын нымдуулугун 40-45% чейин төмөндөтүү керек. Андан кийин ящиктерди аралашмасы менен муздак жер төлөөгө же температурасы 0+50С чейин тоңбой турган бөлмөгө койуу керек. Ар бир эки жумада жиктөөдөн өтүүчү уруктарды жакшылап аралаштырып, зарыл болсо нымдоо керек. Майда уруктуу түрлөрдүн уруктарын 60-90 күн ичинде, ал эми данектүү түрлөрдүн уруктарын 120-150 күн ичинде стратификациялайт.




***Жер семирткич берүүнүн нормасы***

Көчөттөрдү тамыры ачык системада өстүрүү үчүн бир сотых аянтка:

- азот жер семирткичтери - 0,6 кг,
- фосфор жер семирткичтери - 0,9 кг,
- кык - 400 кг.

***Полиэтилен баштыкчаларында же контейнерлерде өстүрүү.***

Көчөттөрдүн өлчөмүнө жараша 15х25 см ден 20х40 см чейин полиэтилен баштыкчалары же контейнерлер колдонулат. Контейнерлер үчүн төмөнкү катыштагы субстрат даярдалат:
- топурак 50%
- кык 45%
- минералдык жер семирткич 5% дан көп эмес.

- ***Көчөтканалардагы көчөттөрдү асыроонун агротехникасы***

Көчөттөр өнүп чыкканга чейин көчөтканаларда жалбырактар же башка нерселер менен калкалоо, жерди жумшартуу жана сугаруу жумуштары жүргүзүлөт.

Жалбырактар же башка нерселер менен калкалоо негизинен жазгы жана жайкы урук себүүдө майда уруктарга колдонулат. Саман, жыгачтын таарындылары ж.б. ушул сыяктуу материалдар пайдаланылат. Бул ыкма жерди тыгыздалып кургап кетүүдөн, нымдуулук жана температуралык режимдерге таасир этип, жаңы чыгып келе жаткан көчөттөргө жагымдуу шарттарды түзөт.

Көчөт өстүрүүдө отоо чөптөрдү отоо жана жерди жумшартуу өзгөчө маанилүү болуп саналат. Көчөттөргө көлөкө кылып кысып, жер кыртышын кургатып жаткан отоо чөптөр отолот. жер кыртышын жумшартуу аркылуу жердин бетиндеги суунун агымын кыскартууга же толугу менен токтотууга болот. Бул жердин бетиндеги нымдуулуктун бууланып кетүүсүн азайтып, көчөттөрдүн өсүү шартын жакшыртат.

Тамыры жабык системада көчөт өстүрүү үчүн, жогоруда көрсөтүлгөн нормалар боюнча полиэтилен баштыкчаларына урук себүүгө болот же көчөтканадан казылып алынган бир жылдык көчөттөрдү андан ары 1-2 жыл жетилтип өстүрүүгө болот.

***Көчөттөрдү туруктуу орунга отургузуу.***

Жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрдүн өстүрүлгөн көчөттөрүн отургузуу, негизинен жаз, кээде күз айларында токой түрлөрүнө туура келген аянттарда жүргүзүлөт. Отургузуу үчүн 0,5х0,5 өлчөмүндөгү чуңкурчаларды(майда көчөттөр үчүн) же 0,5 х 1,0 м өлчөмүндөгү (эки жылдык көчөттөр үчүн) аянтчаларды даярдоо керек. Бир аянтчага 2-3 көчөт отургузуу туура болот. Көчөттөрдүн айланасын сөссүз түрдө калкалоо сунушталат.

**Басылып чыгарылуучу маалыматтар**

**Басып чыгаруучу**
Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH
(Германия эл аралык кызматташтык коому)
Башкы кеңселер: Бонн жана Эшборн шаарлары, Германия

“Кыргызстандын түштүгүндө жаңгак-мөмө токойлорун жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биоартүрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу” долбоору
Эркиндик бульвары, 22
720040, Бишкек ш., Кыргызстан
Эдит Кошкин, долбоордун жетекчиси
edith.koshkin@giz.de
T +996 312 90-93-40
www.giz.de, www.naturalresources-centralasia.org

2017-жылдын жетинин айына карата абалы

**Жарыяланган**
“ST.art Ltd”, Бишкек ш., Кыргызстан

**Дизайн/Жасалгалоочу**
Александр Горбатовский

**Фотосүрөттөр**
Ш. Шаимкулов, З. Сарымсаков, Д. Мамаджанов, К. Осмонкулов
https://free-images.com

**Авторлору**
Ш. Шаимкулов, З. Сарымсаков, Д. Мамаджанов, К. Осмонкулов

Бул басылып чыгарылган материалдын мазмунуна GIZ жоопту.

Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү Федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы боюнча.

Колдонмо бекер таратылат.